**«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 22-мартындагы №5 чечимине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР БШК чечиминин долбооруна маалымкат-негиздеме**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) 2023-жылдын 22-мартындагы №5 чечими менен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну өркүндөтүү боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) курамы бекитилген.

Борбордук шайлоо комиссиясына Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинен (2024-жылдын 26-мартындагы кириш №8/456) жана Кыргызстанда билим берүүнү өнүктүрүү ассоциациясынан (2024-жылдын 28-мартындагы кириш №17/481) Жумушчу топтун курамынан мүчөлөрдү чыгаруу жана Жумушчу топтун курамына жаңы өкүлдөрдү киргизүү тууралуу сунуштар келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин сунуштамасынын негизинде бул чечимдин долбоору менен Жумушчу топтун курамынан Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин министрдин мурдагы орун басары Алыбаева Жаныл Ишенбековнаны чыгаруу сунушталууда;

Анын ордуна Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин министрдин орун басары Мамат уулу Чынгызбекти киргизүү сунушталууда.

Ошондой эле, Кыргызстанда билим берүүнү өнүктүрүү ассоциациясы өзүнүн мүчөсүн - Дыйканбаева Сейнепти Жумушчу топтун курамына киргизүү сунушталууда.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 22-мартындагы №5 чечими менен бекитилген Жумушчу топтун курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө чечим долбоору сунушталууда.